# 18-тиркеме

## -Глобалдык пандемия учурундагы санитардык нормаларды сактоо боюнча кабыл алынган эрежелер,буйруктар жана токтомдор.



2020-жылдын 1-октябрындагы
биргелешкен буйругуна
тиркеме

**2020-2021 – окуу жылында билим берүү уюмдарындагы 1-6-класстардын окуучуларынын билим берүү процесси реалдуу режимде башталган учурда коронавирус инфекциясынын жайылышын алдын – алуу боюнча санитардык –гигиеналык, эпидемияга каршы иш-чараларды ( COVID-19) сактоо боюнча иш-аракеттердин алгоритми**

Бул Алгоритм жалпы билим берүү уюмдарынын (мындан ары - мекеме) 1-6-класстарынын окуучулары үчүн билим берүү процессин реалдуу режимде уюштурууда окуучулардын өмүрүнүн жана ден-соолугунун коопсуздугун камсыз кылуу максатында иштелип чыккан.

| Талаптар | Талаптарды аткаруунун шарттары |
|---|---|
| **Кирүү фильтрин уюштуруу** | - ар бир келген адам үчүн антисептик менен колду тазалоо, температураны өлчөө менен бардык кызматкерлердин жана окуучулардын дене температурасын өлчөө үчүн жооптуу адамды аныктоо (контактсыз термометр менен) жана көзөмөлдөө журналын уюштуруу;<br>- мектептин кызматкерлеринин үй-бүлө мүчөлөрүндө респиратордук белгилердин болушун же жок экендигин сурамжылоо, мектептин кызматкерлерин текшерип туруу (жөтөл, дене табынын көтөрүлүшү, алсыздык, баш оору ж.б.); жогорудагы журналга жазууларды жүргүзүү менен;<br>- дене табы жогору болгон жана курч респиратордук оорунун белгилери бар адамдарды жумуш ордунан милдеттүү түрдө четтетүү;<br>Эгер окуучуда ооруу белгилери байкалса, дароо ата-энесине кабарлап, аларды үйүнө жөнөтүү зарыл. |
| **Имаратка жана жайларга карата талаптар** | - мекеме дезинфекциялык иштерге жооптуу адамды дайындайт жана дезинфекциялык режимди тиешелүү иш-чаралар менен күчөтүү боюнча, анын ичинде талап кылынган концентрациядагы каражаттарды пайдалануу боюнча көрсөтмөлөрдү берет (милдеттүү белгиси менен);<br>- Желдетүү жана тазалоо графигин түзүү (генералдык, учурдагы жана акыркы);<br>- мектептеги ашканалардын жана буфеттердин ишин санитардык эрежелердин талаптарына ылайык так уюштуруу;<br>- ар бир тамактын алдында жана кийин тамактануучу столдорду жуучу жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазалоону камсыз кылуу;<br>- окуучуларды кабыл алганга чейин, жуугуч жана дезинфекциялык каражаттарды колдонуу менен бардык жайларды жалпы тазалоону жүргүзүү;<br>- күн сайын жана ар бир сменадан кийин аудиторияларды, коридорлорду дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу |

| | |
|---|---|
| | менен жууп-тазалоону камсыздоо, анын ичинде каалганын туткаларын, столдун кармагычтарын, отургучтардын жөлөнгүчтөрүн, жарыкты өчүрүп, күйгүзгүчтөрдү, оргтехникаларды, телефондорду ж.б. сүртүү;<br>-жуунуучу жайларды, даараткананаларды, кол жуучу раковиналарды, суу агуучу бактарды ж.б. дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен тазалоону күнүнө кеминде 2 жолу жүргүзүү;<br>- объекттин аймагындагы таштандыларды дайыма чыгарып туруу, анын топтолушуна жол бербөө.<br>- желдетүү системасын тазалоо, анын ишинин натыйжалуулугун текшерүү;<br>- бөлмөдө нормалдуу аба алмашууну камсыздоо жана кирүү-чыгуу вентиляция системасынын иштөөсүн камсыз кылуу менен бөлмөнү ар бир сменадан кийин жана тыныгууларда дайыма желдетип туруу (күнүнө 15 минутадан 4-5 жолудан кем эмес);<br>- күз-кыш мезгилдеринде температуралык режимдин сакталышын камсыз кылуу; |
| **Жанаша жайгашкан территорияга карата талаптар** | - мекеменин аймагында жайгашкан бардык имараттарды туруктуу негизде дезинфекциялап туруу;<br>- объекттин чектеш аймагында төмөнкүлөр зыянсыздандырылат: балдар ойноочу аянтчалар, отургучтар, беседкалар, таштанды челектер, кармагычтар, каалганын туткалары.<br>Дезинфекция сугат ыкмасы менен жүргүзүлүшү керек. |
| **Өздүк гигиена эрежелерин сактоо үчүн шарттарды түзүү** | - окуучулардын, ошондой эле күн сайын окуучулар менен контактта болгон мекеменин кызматкерлеринин ден соолугунун абалына медициналык көзөмөлдү күчөтүү;<br>- класстардын кире беришине тазалоочу каражаттарды (санитайзерлерди) орнотуу (ар бир келген адам жооптуу кызматкер тарабынан колунун тазалоону көзөмөлдөөсү менен) жана ар дайым мугалимдин столунда колду тазалоо үчүн антисептикалык спрейдин болуусу;<br>- мүмкүнчүлүктүн болушунча көбүрөөк кол жуу үчүн орундарды камсыз кылуу;<br>- колду жуунун эрежелери жөнүндө нускаманы илүү;<br>- кызматкерлерди өздүк гигиена каражаттары (суюк самын, сүлгү, дезинфекциялоочу эритмелер жана майлыктар, антисептиктер) менен камсыздоо;<br>- окуучулар, кызматкерлер үчүн жуунуучу бөлмөлөрүндө самындын, даарат кагаздын туруктуу болушун камсыз кылуу жана колду тазалоо үчүн антисептиги бар дозаторлорду орнотуу;<br>- - билим берүү процессин уюштурууда бет кап тагуу тартибин сактоо |
| **Аралыкты сактоо, көп адамдардын топтолуусун алдын алуу** | - окуучулардын, кызматкерлердин ортосундагы социалдык аралыктын сакталышына көзөмөлдү камсыз кылуу жана жыштыкка жол бербөө;<br>-мугалимдин столуна колду тазалоо үчүн спрей-антисептикти коюу;<br>-мекеменин имаратында маданий - массалык иштерди өткөрүүгө тыюу салуу;<br>- келүүчүлөрдүн (ата –энелер, башка уюмдардын өкүлдөрүн ж.б) киришин чектөө |

| | |
|---|---|
| Окуу процессин уюштуруудагы талаптар | - мектепте окуучулардын саны **200 гө** чейин болсо, окуу планы боюнча бекитилген расписаниеге ылайык кадимки режимде окуу процесси уюштурулат.<br>- мектепте окуучулардын саны **350 ге** чейин болсо, окуу планына ылайык ийкемдүү расписание боюнча окуу процесси уюштурулат (мисалы: сабактардын башталышы ар кандай убакытта, ар кандай убакыттагы тыныгуулар, 1-2-класстарда сабактын башталышы 8.00дө, 3-4-класстарда 8.30 да ж.б.);<br>- мектепте окуучулардын саны **500 гө** чейин болсо, жалпы окуу планында бекитилген так расписаниеге ылайык, сменддик окуу процесси уюштурулат, мисалы, 1,2,3-класстар – 1 сменде, 4,5,6- класстар 2-сменде окушат. (ашканада тамактануу процесси да сменалар боюнча уюштурулат);<br>- мектепте окуучулардын саны **500 жана 500 дөн** жогору болсо, окуу планында бекитилген так расписаниеге ылайык 2 сааттан кем эмес интервалы менен сменддик окуу процесси уюштурулат (1,2,3- класстар – 1 сменде, 4,5,6- класстар 2-сменде окушат). Смендердин ортосундагы 2 сааттык интервалда дезинфекциялык иштерди жүргүзүү, кабинеттик системаны жокко чыгаруу (башка корпустарга, башка кабаттарга окуучуларды жайгаштыруу), ашканада тамактануу процесси да сменалар боюнча уюштурулат.<br>Климаттык шарттарды эске алуу менен "Турмуш тиричилик коопсуздугу", "Мекен таануу", "Адеп", "Дене тарбия" сабактарын таза абада да өткөрүү.<br>Окуучулардын саны **500** жана андан жогору болгон жалпы билим берүү уюмдарында жана ушул бөлүмдүн 4-пунктунда көрсөтүлгөн ченемдерге ылайык билим берүү процессин уюштурууга шарттар түзүлбөсө, окутуунун төмөнкү форматын белгилөө сунушталат:<br>- физика, математика жана табият таануу сабактары боюнча окутуунун реалдуу режими;<br>- гуманитардык сабактар боюнча аралыктан окутуу. |
| **Маалыматтык окутуу иштери** | - окуучулар, ата-энелер жана кызматкерлер арасында өздөрүн көзөмөлдөө жана жеке коргонуу каражаттарын колдонуу зарылдыгы жөнүндө түшүндүрүү иштерин жүргүзүү;<br>- коронавирустук инфекцияны алдын алуу чаралары тууралуу: жеке гигиена, кол гигиенасы жана жөтөл этикетин сактоо боюнча көрсөтмө берүү;<br>- коронавирустук инфекциянын алдын алуу жөнүндө маалыматтык-окутуу материалдарын илүү (плакаттар, дубал гезиттер ж.б у.с.); "тынымсыз байланыш линияларынын", маалымат кызматтарынын телефондорун көрүнүктүү жерлерге илүү;<br>- күн сайын сабактан жана класстан тышкаркы иш-чараларды өткөрүү учурунда коронавирус инфекциясын алдын алууга багытталган "ден-соолук мүнөтүн" өткөрүү. |

**ЭСКЕРТҮҮ:** 2 же андан ашык нөөмөттө окуу процесси жүргүзүлгөндө (окуучулар контингенти көп болгон учурда) жалпы билим берүү уюмун ачууга уруксат берүү оорулардын алдын алуу жана мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөлдөө боюнча аймактык борборлордун корутундусунун негизинде гана жүргүзүлөт.

| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ОШ ОБЛУСУНУН ӨЗГӨН РАЙОНДУК БИЛИМ БЕРҮҮ БӨЛҮМҮ | | МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ УЗГЕНСКИЙ РАЙОННЫЙ ОТДЕЛ ОБРАЗОВАНИЯ ОШСКОЙ ОБЛАСТИ |
|---|---|---|

# БУЙРУК

2020-жылдын "26" март № 41-1

Билим берүү кызматкерлерин дистанттык негизде окутуу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-мартындагы №03-1\1621 жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институнун 2020-жылдын 19-мартындагы №02-11\22 сандуу катынын негизинде

БУЙРУК КЫЛАМЫН:

1. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин алдындагы Республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институнун мугалимдердин квалификациясын жогорулатуу курстарынын 2 жумалык дистанттык негизде окуу процессин жүргүзүү алгоритми аткарылсын. (Тиркемелер тиркелет)

2.Билим берүү мекемелеринин жетекчилерине төмөндөгүлөрдү аткаруу жагы милдеттендирилсин.

-мугалимдерге дистанттык окутуу формасынын маалыматын жеткирүү жана план-графикке ылайык угуучу мугалимдер менен карантин мезгилинде камсыз кылып берүү

-райондук билим берүү бөлүмүнө дистанттык окутуу формасына катыша турган мугалимдердин тизмесин берүү.

3. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө райБББнын башкы адисинин милдетин аткаруучу А.Нурмаматовго тапшырылсын.

**Райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы** **А.Бакышев**

**ТИРКЕМЕ 2**

***Урматтуу квалификацияны жогорулатуучу курстарынын угуучусу!***

КР БбИМ алдындагы РПККЖж-аКДИге келбестен (мындан ары - РПККЖж-аКДИ) квалификацияны жогорулатуу курстарынан 100% **аралыктан** окуу формасында ийгиликтүү өтүү үчүн, Сиз төмөнкү иш аракеттердин АЛГОРИТМИ менен таанышып, аларды аткаруунуз керек:

I. Сиз квалификацияны жогорулатуунун 72 сааттык беш модулдан турган онлайн-курсунан өтөсүз. Квалификацияны жогорулатуунун план-графигине ылайык ("Кутбилим"2019-жылдын 20-сентябрындагы №36 (10830)) Сиз 72 сааттык курсту календардык эки жума аралыгында өтөсүз. Бул алдын ала (1 жума мурун) каттоодон өткөндөн кийин, мисалы:

- Эгерде Сиз угуучу катары 2020-жылдын 16-мартынан 20- мартына чейин катталсаңыз, анда 2020-жылдын 23-мартынан 3-апрелине чейин курстан өтөсүз;
- Эгерде Сиз угуучу катары 2020-жылдын 23-мартынан 27- мартына чейин катталсаңыз, анда 2020-жылдын 30-мартынан 10-апрелине чейин курстан өтөсүз дегенди түшүндүрөт.

**КИЙИНКИ ЭКИ ЖУМА АРАЛЫГЫНДА:**

1) Сиз жогоруда көрсөтүлгөн аралыктын биринде 5 онлайн-курстан өтөсүз.
2) Жумушчу дептерлерди жөнөтөсүз (5 жумушчу дептерлерин).
3) Бир сабактын план-конспекттин иштеп чыгасыз.

Эгерде Сиз жогорудагы процесстерди эки жума аралыгында аткарып жетишпесеңиз, анда квалификацияны жогорулатуу курсу өз мезгилинде өтүлдү деп эсептелинбейт. Ал – отчеттун үч түрүнүн жоктугунан (онлайн-курстарды өткөндүгүнүн жыйынтыктары, жумушчу дептерлер үчүн баанын жыйынтыгы, бир сабактын конспектинин жыйынтыгынын баасы) Жыйынтыктоочу аттестация жүргүзүлбөгөндүгүн түшүндүрөт жана Сиз сертификат албайсыз.

II. Сиз РПККЖж-аКДИнин угуучусу катары 2019-2020-окуу жылына квалификацияны жогорулатуунун План-графигине ылайык **Сиз тандаган аралыктын БАШТАЛЫШЫНА ЧЕЙИН бир жума мурда (!!!) КАТТАЛУУҢУЗ** керек:

1) Сизди РПККЖж-аКДИнин угуучусу **катары** киргизүү үчүн катталуу барагын өз колуңуз менен толтуруңуз (1-тиркемени караңыз) .
2) Каттоо барагын, Сиздин паспортуңуздун көчүрмөсүн **сканерден өткөрүп** электрондук дарекке жөнөтүңүз: ripk.kg@gmail.com
3) Каттоо барагын жана паспорттун көчүрмөсүн РПККЖж-аКДИнин электрондук дарегине ripk.kg@gmail.com **жөнөткөндөн кийин гана** биз **Сиздин электрондук дарегиңизге** квалификацияны жогорулатуу курсунан аралыктан окуу форматында кантип өтүү керектигинин **Кат-нускамасын жөнөтөбүз.**

III. Көңүл буруңуз, Кат-нускамага ылайык окууну баштоо үчүн, Сиз **КАТТОО-БАРАГЫН** (логин,пароль ж.б.) түзүшүңүз керек, башкача айтканда бул – РПККЖж-аКДИнин аралыктан окутуу **порталына** катталуу. Аны түзгөндөн кийин Сиздин компьютериңиздин (ноутбугуңуздун) экранында Сиздин атыңыз менен кичинекей "терезече" пайда болот:

| |
|---|
| **Спасибо, __________ (Ваше имя и фамилия)**<br>**Регистрация подтверждена**<br>**Продолжить** |

IV. Аралыктан окутуу порталын ачып, Сиз квалификацияны жогорулатуу … гана онлайн-курсун тандайсыз:

1) "Теория оценивания"
2) "Планирование обучения на основе компетентностного подхода"
3) **"ИКТ в школах Кыргызской Республики"**
4) **"НПР" (непрерывное профессиональное развитие)**
5) "Активное и интерактивное обучение"

V. Онлайн-курсун тандайсыз, аны басасыз, "терезече" чыгат – **КОДДУК СӨЗ**. Онлайн-курска ылайык код терресиз:

1) "Теория оценивания" - **otcen1603**
2) "Планирование обучения на основе компетентностного подхода" - **plano1603**
3) "ИКТ в школах Кыргызской Республики" - **ikti1603**
4) "НПР" (непрерывное профессиональное развитие) - **nepr1603**
5) "Активное и интерактивное обучение"- **akio1603**

VI. **МААНИЛҮҮ!!!** Онлайн-курсту ачууда Сиз аны башынан аягына чейин __үзгүлтүксүз__ өтүүңүз керек, бул учурда өзүңүздү өтүү ылдамдыгынан чектебейсиз. Бир жана ошол гана онлайн-курсту токтотуп, кийинки күнү улантууга **болбойт**, анткени биринчи аракет курстун жыйынтыгы боюнча алынган сервердин базасын көрсөтөт жана каттайт, ал эми экинчи аракет (курстун башына кайтып келгенден кийин)- Сизге башка (сиздин экинчи аракет (курстун башына кайтып келгенден кийин)) топтолгон упайды көрсөтөт, ал эми системдик жоопторуңузга ылайык жогору же төмөн) топтолгон упайды көрсөтөт. Ушуга байланыштуу администратордун серверинин базасында – нөл упайын көрсөтөт. Ушуга байланыштуу Сизди алган упайыңыз канааттандырбаган учурда курстун башына кайтып келбөөңүздү суранабыз.

Бир күндө бир онлайн-курсунан өтүүгө болот.

Сиздин жыйынтыгыңыз 60% босого упайынан төмөн болгон учурда, Сиздин: 1) Сиздин жыйынтыгыңыз 60% босого упайынан төмөн болгон учурда, 2) Компетенттүүлүктүн негизинде сабактын конспектин иштеп чыгуу жолу аркылуу + 2) Жумушчу дептерлерин тапшыруу аркылуу Жыйынтыктоочу аттестация үчүн кошумча упайларды алууга жана сертификатты алууга мүмкүнчүлүгүңүз бар.

VII. **СИЗДИН** квалификацияны жогорулатуучу 5 онлайн-курсунан **МӨӨНӨТҮНДӨ** жана **ИЙГИЛИКТҮҮ** өткөндүгүңүз тууралуу **маалымат-билдирме** Сиздин электрондук дарегиңизге же Сиздин "ватсабыңызга" окуууңузду (квалификацияны жогорулатуучу) аяктоочу экинчи жуманын аралыгында жөнөтүлөт.

VIII. Эгерде Сиз жыйынтыктоочу аттестацияны **ийгиликтүү өтсөңүз, анда Сизге квалификацияны жогорулатуучу курсуңун экинчи жумасынын аягына чейин __жума күнү__** сертификат үчүн төлөм – 130 сом, көрсөтүлгөн эсепке (банктык эсептер) жүргүзүшүңүз керек жана ушул эле күнү квалификация жогорулатуу үчүн төлөнгөн чектин **СКРИНШОТУН (ФОТО)** ватсапка: **0 707 563463 (Альбина)** же __ripk.kg@gmail.com__ электрондук дарегине жөнөтүшүңүз керек:

КР БбИМ алдындагы РПККЖжКДИ
Широкая көчөсү, 1
Тел: 0312 67 82 85 0312 67 82 70
ИНН 00811201610295
(РСК банкына накталай төлөм)
БИК: 440204 ОКПО 29760269
(Свердлов РОК)
ж/э спец.: 4402041103008625
Сертификат үчүн төлөмдүн коду: 14234600 – 130 сом.

IX. Жыйынтыктоочу аттестациядан ийгиликтүү өткөндөн жана сертификат үчүн үчүн төлөм жүргүзгөндөн кийин **сертификатыңызды КАРАНТИН АЛЫНГАНДАН кийин** 0 312 67 85 26 (Лира) номерине чалып, Бишкек шаары, Широкая көчөсү - 1, 107 кабинеттен алып кетесиз.

---

Аралыктан окуу формасында квалификацияны жогорулатуу боюнча бардык суроолор менен саат 9.00 - 18.00 чейин төмөнкү телефондор аркылуу байланышсаңыздар болот:

0312 658285 (КР БбИМ алдындагы РПККЖжКДИ кабыл алуу)

0707 563463 (Альбина)

0707 280496 (Жибек)